Каралды:
Педагогикалык кеңештин
№1 протоколунда
“29” август 2022-жыл

Бекитем:
№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинин милдетин аткаруучу

Ажыгулова К.К.

# Ачык сабак жөнүндө жобо

## №94 ЖОББ мектебинин ачык сабактарды уюштуруу жана өткөрүүгө карата усулдук сунуштар

**1. Жалпы жобо**

**2. Ачык сабак өтүүнү долбоорлоо;**

**3. Ачык сабактын анализи жана талкуулоо;**

**4. Педагогикалык чеберчиликти (мастерликти) баалоонун критерийлери;**

**5. Ачык сабакты өткөрүүнүн сапаты боюнча тыянак.**

**1. Жалпы жобо**

Кыргыз республикасынын Жогорку Кенешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган 2003-жылдын 25-апрелиндеги КР билим беруу мыйзамына ылайык, бул жобо билим берүү уюмдарында өткөрүлүүчү ачык жөнүндөгү жалпы түшүнүктөрдү чечмелеп, аларды уюштурууга жана өткөрүүгө көрсөтмө берет.

Ачык сабак - мектептеги мугалимдердин педагогикалык тажрыйбасын, окутуучулук чеберчилигин баалоонун усулдук формасы. Ачык сабактын темасынын усулдук иштелмеси мугалимдер жана окуучулар үчүн түзүлөт. Ачык сабакта колдонуучу формаларды жана усулдарды сабактын максатына жана милдетине жараша мугалим өзү тандап алат. Бул сабак стандарттык же стандарттык эмес, лекциялык, практикалык жана лабораториялык ж.б. түрүндө болуп, сабакка катышууну каалагандар үчүн алдын ала жарыяланган окуу сабагы болуп эсептелет. Ачык сабак окуу программасына ылайык календардык-тематикалык планга туура келген же жаныдан киргизилген темаларга карата уюштурулат. Ачык сабакта теория менен практиканын биримдиги, мугалимдин жаңы технологияларын: алдынкы усулду, окутуунун салтка айланбаган

формаларын кеңири колдонуу ишке ашырылат. Ачык сабак мектепте мугалимдер арасында алдынкы тажрыйбаларды жайылтуунун да ийкемдүү жолу болуп саналат.

Ошондой эле мугалимдин квалификациясын жогорулатуунун бир формасы.Ачык сабактын планы күн мурунтан түзүлүп, окуу жылындагы ар бир чейректин башында усулдук бирикмедеачык сабактардын графиги чейрекке карата түзүлүп, мектеп диретору тарабынан бекитилет жана сабактардын жүгүртмөсүнүн негизинде түзүлөт.

Ачык сабакты өткөргөнгө чейин алдын-ала предметтик мугалимдердин усулдук иштери (даярдыгы тууралуу) каралып, бирикменин усулдук кеңешмесинде талкууланат. Ошондой эле бирикмелерден ачык сабактардын бекитилген графиктери топтолуп, мектепте бирдиктүү график түзүлөт жана мектептин жалпы чогулушунда талкууга алынып бекитилет.Ар бир окуу жылында усулдук бирикмеде сабак берип жаткан мугалимдердин окуу жүктөмүндө 14 сааты жана 2 жылдан ашык педагогикалык стажы бар мугалимдер ачык сабак өтүүсү зарыл.

Ачык сабак мыкты усулдагы илимий-педагогикалык мамилени даңазалоо (жарыялоо) үчүн мыкты даярдыктагы тажрыйбалуу мугалимдер аркылуу өткөрүлөт. Ачык сабактардын жүрүшүндө лабораториялык жабдууларды, техникалык жана башка көмөкчү каражаттарды пайдалануу талапка ылайык жана сабактын максаттуу болушуна өбөлгө түзөт.

Ачык сабактын темасын таңдоо укугу сабак өтүүчү мугалимге берилет. Бирок программага ылайык, предмет аралык байланышы бар, азыркы заманбап мамилени талап кылган тема таңдоо жобого ылайык болот. Ачык сабакты өткөрүү убактысын мугалим менен бирикме башчысы биргеликте аныкташат.

Ал эми сыноо сабагын (Пробные занятия): жаш мугалимдердин усулдук педагогикалык даярдыгын аныктоо максатында бирикме башчысы өзү көзөмөлгө алат. Сыноо сабагы жумушка жаныдан орношкон мугалимдерге карата уюштурулуп, темасын, өтүү убактысын бирикме башчысы өзү белгилейт. Аларга предметтик насаатчы мугалим тарабынан ачык сабак өткөрүүгө усулдук жардам берилет.

**2. Ачык сабак өтүүнү долбоорлоо.**

Ачык сабак өтөөрдөн бир жума мурун, ачык сабакка катышууну каалоочуларга чакыруу берилет. Бул үчүн ачык сабак өтүүчү мугалим тарабынан сабактын темасы, убактысы, өтүлүүчү жайы жана сабактын аннотациясы көрсөтүлгөн кулактандыруу, графиги илинет жана маалымдалынат.

Ачык сабакка бирикме башчысынын же директордун окуу тарбия иштери, усулдук иштери боюнча орун басарынын, педагогикалык стажы үч жылга жете элек мугалимдердин катышуусу милдет катары каралат. Үч жылдан кем эмес квалификациялык категориясы бар мугалим ачык сабак өткөн мугалимге сунуштама бере алат. Мыкты даярдалган ачык сабактын иштелмеси даярдалган абалда мектептин усулдук кабинетине тапшырылат. Анын автору педагогикалык жөндөмдүүлүктүн ар кандай мелдештерине катышуу үчүн сунушталат. Эгерде ачык сабакка бирикме башчысы же директордун окуу тарбия иштери, усулдук иштери боюнча орун басарлары биригип беш мугалим катышпаса сабак максатына жетти деп эсептелбейт.

Ачык сабакка катышкандар: чакырылгандар убагынан кечикпей келүүсү, сабак учурунда анын жүрүшүнө жолтоо болбоосу жана ашыкча суроо берилбөөсү керек. Сабак бүткөндөн кийин гана талкуу болот. Башкача айтканда ачык сабакка катышкан окутуучулар педагогикалык этиканы сактоого милдеттүү.

Ачык сабакка катышкандар билим берүү ишинде белгилеген схема боюнча көзөмөл жүргүзүшү керек. Мисалы:

-окутуучу сабактын максатына кандай жетип жатат;

-кайсыл усулдук ыкмаларды колдонууда;

-кайсы каражатты пайдаланды (дал келеби же келбейби);

-окуу программасынын талабына жооп береби же бербейби ж.б.

Ачык сабактын иштелмесинин абалы, түзүлүшү, жасалгаланышы сабак өткөн окутуучунун чыгармачылыгына жараша түзүлөт. Бирок сабактын иштелмесинде Сабактын темасы, планы, максаты, көрсөтмө куралдар жана колдонулган адабияттар көрсөтүлүүсү керек.

Ачык сабак өтүлгөндөн кийин сабактын иштелмеси, сабакта пайдаланылган тесттер, көргөзмө куралдар, дидактикалык материалдар ж.б. менен бирге бирикме башчысына тапшырылуусу зарыл.

**3. Ачык сабактын анализи жана талкуулоо.**

Талкуулоонун максаты - сабактын конкреттүү учурларына баа берүү, каражаттардын жана тандалган усулдардын шайкештиги, айрым методикалык ыкмаларды түшүнүүгө окутуучуга жардам көрсөтүү, коюлган маселелеринин эффективдүүлүгү.

Сабак бүткөндөн кийин сабакты талкуулоо болот. Талкуулоо учурунда сабак өтүүнүн жетишкендиктери, кемчиликтери жана окутуунун усулун жогорулатуунун маселелери

каралат.

Талкуулоого төмөнкүлөр катышат:

-ачык сабак еткен мугалим;

-директордун орун басарлары;

-катышкан мугалимдер;

-бирикме башчысы;

Биринчи сөз ачык сабак өткөн мугалимге берилет. Ал өзү өткөн сабакты так аныктап, колдонулган ыкманы жана каражаттарды негиздеп, аларды колдонулушунун сапатын аныктап, өтүлгөн материалдын пайдалуулугунун жыйынтыгын түшүндүрөт. Анын баяны сабакка катышкандарга өзүнүн педагогикалык оюн, усулдардын жана ыкмалардын өзгөчүлүгүн жана сабак өтүү системасынын идеясын тагыраак түшүнүүгө өбөлгө болуш керек. Калган баяндамачылар өтүлгөн сабакка окуу-усулдук көз караштa баа берүү менен сабактын максатына жетүүдөгү колдонулган усулдун, ыкманын, каражаттардын эффективдүүлүгүнө, көрсөтмө куралдардын, мультимедиялык каражаттардын сапаты жана кетирилген кемчиликтерине токтолушуп, андан аркы тажрыйбасын өркүндөтүүгө сунуш беришет. Тактап айтканда өтүлгөн сабакка деталдуу чечмелөө жүргүзүлөт.

Андан кийин директордун орун басарлары, бирикме башчысы баяндама жасашып, кандай артыкчылыктар жана кемчиликтер болгондугун, усулдардын жана ыкмалардын колдонулушу кандай экендигин айтып, ачык сабакка коюлган максаттын терендигинин ачылышына баа берет.Талкуунун аягында кайрадан сабак өткөн мугалим сөзгө чыгып, айтылган жетишкендиктер менен кемчиликтерге пикирин билгизет.

**4.Педагогикалык чеберчилнкти (мастерликти) баалоонун критерийлери.**

Сабак өтүүнүн бардык түрлөрүнө төмөндөгүдөй басым жасалат:

-сабактын план боюнча иштелмесинин болушу;

-сабактын мазмунунун жумушчу программага дал келүүсү (жаңы мамлекеттик стандартка ылайык);

-сабактын темасынын, планынын жана максатынын доскада болушу;

-окуучулар менен иштөөнүн формалары;

-сабак үчүн тандалган материалдын темага татыктуулугу жана аны өтүүнүн илимдүүлүгү;

-теория менен практиканын байланышы;

-предмет боюнча мугалимдин өздүк иштелмелери;

-предмет аралык байланыш;

-информация булактарынын системасы;

-сабак учурунда техникалык каражатты жана информациялык технологияны колдонуусу;

-көрсөтмө жана дидактикалык материалдарды колдонуусу;

-колдонулган усулдун жана ыкманын эффективдүүлүгү;

-окутуунун инновациялык усулун колдонуусу;

-сабак учурунда окуучуларды активдештирүүсү;

-окуучулардын билимин текшерүү;

-сабактын жыйынтыгын чыгаруу;

-коюлган максатка жетүүсү;

-сабак учурундагы класстын тартиби жана көңүл буруусу.

**5.Ачык сабакты баалоонун критерийлери**

Сабакты баалоо мезгилинде жалпы суроолордон сырткары лекциялык жана семинардын сабактар үчүн атайын критерийлер каралган.